| 8 | "Тамеки жана баңгизатка каршы" 6-11-арасында анкеталарды алуу. | Март | Соц.педагогдор |
| 9 | "Баңгизаттар адамдын психикасына чоң зыян алып келет" 9-10-класстарга жыйын өткөрүү. | Апрель | Соц.педагогдор. |
| 10 | "Тамекинин зыянын өз көзүңүз менен көрүңүз!" видео слайттар менен 6-7-класстарга тегерек стол уюштуруу | Май | Класс жетекчилер |

соц.педагог [signature] М.А.Акинбекова

## Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинде соц.педагогдун 2021-2022-окуу жылындагы отчёту.

Сентябрь айында 2021-2022-окуу жылына карата пландар түзүлүдү. 13-сентябрда "Балдарга карата ырайымсыздык мамиленин алдын алуу" боюнча мектептин мугалимдер жамаатына түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,кол койдурулду.Мектепте "Кылмыштуулуктун алдын алуу" боюнча алдын алуу кеңеши түзүлүп,анда ата-энелерден,соц мугалимдер,тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана жашы жетелектер менен иштөө инспекторлору бекитилди.
2021-окуу жылында 0-11-класстардын окуучуларынын социалдык абалын аныктоо максатында социалдык паспорттор таратылып,класс жетекчилердин билдирүүсүнүн негизинде төмөнкүдөй маалыматтар алынды.

**Мектеп окуучуларынын социалдык абалы боюнча маалыматтар.**

Жыл башында окуучулардын саны-834 Балдар-430 Кыздар-404

Жыл аяганда окуучулардын саны-754 Балдар-391 Кыздар-363

| № | Социалдык абалы | Биринчи жарым жылдык | Экинчи жарым жылдык | Айырмачылыктар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Турмуштук оор кырдалга туш болгон окуучулар | 0 | 0 | |
| 2 | Тоголок жетимдер | 2 | 2 | |
| 3 | Жарым жетимдер | 39 | 39 | |
| 4 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр | 58 | 58 | |
| 5 | Көп балалуулар | 107 | 88 | 19 азайган |
| 6 | Толук эмес үй-бүлөлөр | 102 | 99 | 3 азайган |
| 7 | Мигрант | 63 | 55 | 8 азайган |

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинде соц.педагогдун 2021-2022-окуу жылындагы отчёту.**

Сентябрь айында 2021-2022-окуу жылына карата пландар түзүлдү.
13-сентябрда "Балдарга карата ырайымсыздык мамиленин алдын алуу" боюнча мектептин мугалимдер жамаатына түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,кол койдурулду.Мектепте "Кылмыштуулуктун алдын алуу" боюнча алдын алуу кеңеши түзүлүп,анда ата-энелерден,соц мугалимдер,тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана жашы жетелектер менен иштөө инспекторлору бекитилди.
2021-окуу жылында 0-11-класстардын окуучуларынын социалдык абалын аныктоо максатында социалдык паспорттор таратылып,класс жетекчилердин билдирүүсүнүн негизинде төмөнкүдөй маалыматтар алынды.

**Мектеп окуучуларынын социалдык абалы боюнча маалыматтар.**

Жыл башында окуучулардын саны-803 Балдар-430 Кыздар-404

Жыл аяганда окуучулардын саны-754 Балдар-391 Кыздар-363

| № | Социалдык абалы | Биринчи жарым жылдык | Экинчи жарым жылдык | Айырмачылыктар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Турмуштук оор кырдалга туш болгон окуучулар | 0 | 0 | |
| 2 | Тоголок жетимдер | 2 | 2 | |
| 3 | Жарым жетимдер | 39 | 39 | |
| 4 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр | 58 | 58 | |
| 5 | Көп балалуулар | 107 | 88 | 19 азайган |
| 6 | Толук эмес үй-бүлөлөр | 102 | 99 | 3 азайган |
| 7 | Мигрант | 63 | 55 | 8 азайган |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | үй-бүлөлөрдүн балдары | | | |
| 8 | Ден соолугуна байланыштуу үй шартында окуган окуучулар | 7 | 7 | |
| 9 | Мүмкүнчүлүгү чектелген мектеп ичинде окуган окуучулар | 7 | 6 | 1 азайган |
| 10 | Кайрылман статусу бар жана этникалык кыргыздар | 2 | 2 | |
| 11 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар | 0 | 0 | |
| 12 | Ата-энеси инвалид окуучулар | 6 | 6 | |
| 13 | Баткен согушуна катышкан жоокерлердин балдары | 1 | 1 | |
| 14 | Ооган согушуна катышкан жоокерлердин балдары | 0 | 0 | |
| 15 | ИДН каттоосундагы балдар | 4 | 0 | 4 азайган |
| 16 | Мектептин катоосунда турган окуучулар | 0 | 0 | |
| 17 | Мыйзам менен чатагы бар окуучулар | 0 | 0 | |
| 18 | Мектепте негизги билим албаган балдар | 0 | 0 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 19 | Малчылардын балдары | 0 | 0 | |
| 20 | Диний жагдайдагы үй-бүлөлөр(мечитке барган жана жолук салынгандар) | 6 | 7 | 1 окуучуга көбөйгөн |
| 21 | Өгөй ата,огөй энелер менен жашаган окуучулар | 27 | 33 | 6 көбөйгөн |

1-класска жаны келген окуучулар менен "Жолдо жүрүү эрежелери жана мектеп менен тааныштыруу" иш чаралары жүргүзүлдү.Мектепке жаны келген окуучуларды тактоо жана алар менен тегерек столдор уюштурулду. Октябрь айында мектеп директору, класс жетекчилер жана соц мугалимдер ата-энеси мигрант,көйгөйлүү үй-бүлөлөрдүн,үйдө окутулган окуучулардын үйлөрүнө барып,үй шарттары менен таанышылды. Окуучулардын ден соолугун сактоо максатында"Жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу" жана "Туура тамактануу узак жашоого өбөлгө","Тамеки,алкогол ичимдиктери ден соолукка зыян" деген темаларда жаш курагына жараша класстык сааттар өткөрүлдү."Кыздар арасында укук бузуулардын алдын алуу" максатында 8-11-класстардын кыздарына жыйын уюштурулду."Жол кырсыгынын алдын алуу,айдоочулук күбөлүгү жок машине айдоого тыюу салуу" максатында 9-10-11-класстарга МАИ кызматкерлери менен биргеликте жолугушуу уюштурулду.Мектепте кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча жыйындар өткөрүлдү.Балдарга карата ырайымсыздык мамиле жана зордук зомбулуктун алдын алуу программасы боюнча ата-энеси сыртта жүргөн мигрант үй-бүлөлөрдүн балдары менен тегерек стол уюштурулуп,окуучулардан анонимдүү сурамжылоо жүргүзүлдү."Мектеп рекэтине жол жок" деген темада 8-11- класстардын балдарына тегерек стол уюштурулду. Ноябрда"Жаштар эмне үчүн суицидке барышат,анан себеби эмнеде?" темасында 8-9-10-11-класстар арасында дебат өткөрүлдү.Терроризм,экстремизм жана адам сатуу азыркынын азабы деген темаларды жыйындар уюштурулду.Хиджаб кийген жана мечиттерге барган окуучулар иликтенип,аларга туура жол көрсөтүү менен бирге башка диндер боюнча маалымат берилди. 9-11 класстын окуучуларына мектептин "Коопсуз мектеп тобу" шайланды.5-9-11 класстарга "Жаш өспүрүмдүн укук бузуучу жүрүм-турумунун алдын алуу" жана "Рэкетке жана зомбулукка каршы" деген темаларда ИДН кызматкерлери менен биргеликте лекция жана маектешүү

өтүлдү.
Декабрда 1-5-класстарга "Абайлагыла балдар! Жол тайгак" деген темада МАИ кызматкерлери менен жыйын өткөрүлдү.Ошондой эле балдарды азгырган "Телефон жана интернет оюндарынын кооптуулугу" боюнча 1-6-класстарга класстык сааттар өткөрүлдү."Балдарга карата зордук зомбулук","Балдарга карата ырайымсыздык мамиле жасоонун алдын алуу" "Адам сатуунун алдын алуу", Жолдо жүрүү эрежесин сактоо" "Кылмыштуулуктун алдын алуу" деген темаларда 7-11-класстарга класстык сааттар өткөрүлүп, ИДН кызматкерлери менен биргеликте жыйналыш өтүлүп,шаарда болуп жаткан окуялар боюнча маалымат берилди. Мектептен сырткары иштеп жүргөн окуучулар боюнча иликтөө иштери жүргүзүлдү.Балаты майрамын өткөрүүдө окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында ГОРООно,ИДН, Балдарды коргоо бөлүмүнүн кызматкерлери жана социалдык педагогдор менен биргеликте түнкү рейдтерди жүргүзүлдү.
Январда 2021-2022-окуу жылынын экинчи жарым жылдыка карата мектеп окуулардын социалдык абалы аныкталды. "Зордук зомбулукту болтурбоо жана ага каршы күрөшүү" максатында камкорчулар менен тегерек стол уюштурулду.
Февралда "Гендердик теңчиликке жетишүү иш аракеттери" боюнча 9-10-11-класстарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. МАИ кызматкерлери менен биргеликте "Жол кырсыгынын алдын алуу,жол эрежесин сактоо" боюнча 1-11-класстарга жыйын өткөрүлдү. "Зомбулуксуз мектеп" боюнча анонимдүү сурамжылоо иштери жүргүзүлүдү."Тартиптүү мектеп тарбиялуу коом"жана"Менин бактылуу үй-бүлөм" деген темаларда дилбаяндар жазылды. Окуучулардын патриоттук сезимдерин ойготуу максатында"Мекенге кызмат кылам" балдар арасында спорттук оюндар уюштурулду.
Март айында шаардын имам-хатиби Апсатар ажы 7-8-класстарга " Суицид шариятка туура келбейт андан алыс бололу"деген ойдо түшүндүрүү иштерин жүргүздү."Кыздар коомдун күзгүсү" кыздар арасында конкурс уюштурулду."Жаш өспүрүмдөрдүн жашоого умтулуу сезимин калыптандыруу,алдын алуу" темасында 9-10-11-класстарга лекция өтүлдү."Өмүр бир келет ","Өз өмүрүнө кол салуу"темаларында класстык сааттар өтүлүп,окуучулар оз жанын кыюу жаман жорук экендигин жана о[illegible] пикирлери менен бөлүшүштү."Мен өз укугумду жана милдетимди билемби?" деген темада 9-1-11-класстар арасында дебат өткөрүлдү.Ар ай сайын сактан көп калган, кооптуу топтогу,ИДН көзөмөлүндөгү окуучулар жана ата – энелери менен билгеликте жекече иштер жүргүзүлүп турат.
Апрель айында "Диний экстремизм жана терроризмдин алдын алуу жана ага

каршы күрөшүү" максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.
8-11-класстарга"Рэкетчиликтин алдын алуу"темасында ИДН менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,анонимдүү анкета алынды.Ишеним кутучасындагы жана анкеталардын жыйынтыгында рекэтчилик аныкталып ал окуучунун ата-энеси жана ИДН кызматкери менен биргеликте иштер жүргүзүлдү.
Май айында "Зордук зомбулуктун алдын алуу" деген темада шаардык жетекчилердин катышуусунда ата-энелер жыйыны өтүлдү."Зомбулуксуз үй-бүлө" деген темада дилбаяндар жазылды."Мектеп рекэти"темасында 8-9-10-11- класстарга класстык сааттар,8-9-класстарга "Аялдардын жана балдардын укуктары"жөнүндө лекция өтүлдү". "Мен бактылуу жашагым келет"деген темада 9-11-класстардын окуучулары дил баян жазышты."Мен Коррупцияга каршымын"темасында 9-11-класстарга лекция өтүлдү. "Акча сүйлөп турганда акыйкаттык ыйлап турат"деген темада 11-класстардын ата-энелерине жыйын өтүлдү.
Июнь айында "Акыркы конгуроо жана аттестаттарды,күбөлүктөрдү тапшыруу иш чарасында бүтүрүүчү класстардын коопсуздугунун сактоонун алдын алуу"темасында ШБББнүн,МАИ кызматкеринин катышуусунда ата-энелерге 9-11-класстын окуучуларына жыйын өтүлдү. "Эсиң барда этегиңди жап"(пара берүү жана пара алуу)темасында бүтүрүүчү класстарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Соц.педагогдор М.А.Акинбекова

Н.А.Калмаматова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
МАЙЛУУ-СУУ ШААРЫНДАГЫ
№5 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ
ОРТО МЕКТЕБИ МЕКЕМЕСИ
ИНН 00909200310120
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЧРЕЖДЕНИЕ СРЕДНЯЯ
ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
№5 ГОРОДА МАЙЛУУ-СУУ
«20» 09 22
№ 22

**Майлуу-Суу шаарындагы №5-жалпы билим берүү орто мектебинде "Жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун жана зордук зомбулуктун алдын алуу" боюнча жыйындын**

№3-Протоколу

20.09.2022-ж Майлуу-Суу шаары.

Төрагасы- Ж.М. Белекова

Катчысы- Жунусалы кызы Айгүл

**Катышкандар:** 67 окуучусу

1.Майлуу-Суу шаардык прокуратуранын улук тергөөчүсү-Б.К.Бакиров.

2.Майлуу-Суу шаардык прокуратуранын жардамчысы – М.А.Бегалиев.

3.Уюштуруучу- Жунусалы кызы Айгүл.

4. Соц.педагог-Н.А.Калмаматова.

5.соц.педагог-М.А.Акинбекова.

**Күн тартиби:**

1.Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу.

2.Жаш өспүрүмдөр арасында зордук зомбулукту болтурбоо.

3. Ар кандай маселелер

**Угулду**: Майлуу-Суу шаардык прокуратурасынын кызматкери Б.К.Бакиров "Жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун себептери жана аны алдын алуунун жолдору" деген темада доклад окуду. Азыркы коомдун эң коркунучтуу жана көйгөйлүү маселеси азыркы мезгилде жаштар арасында кылмыштуулук жана зордук зомбулуктун кооптуу жана коркунучтуу нукка өтө баштаганы баарыбызды ойго салууда.Жаштар турмуштун чоң жолуна кадам таштабай жатып,өздөрүн коомдо татыктуу орун табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууга кириптер болушууда.Жаштар коомдо терс көрүнүштөрдү жасап жаткандыгын ойлопда коюшпайт.Окуучуларга укук бузуулардын түрлөрү боюнча кеңири маалымат берип,ар бир бала келечекте туура жолду тандоого өзү себепкер экендигин белгилеп өттү.

**Сөзгө чыкты**: Майлуу-Суу шаардык прокуратуранын жардамчысы М.А.Бегалиев окуучулар арасында зордук зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Зордук зомбулук зөөкүрлүк жана мыкаачылык жаштар арасындагы кылмыштуулуктун мүнөздүү чегине айланып бара жатканы коомчулукту ойлонтпой койбойт.Көпчүлүк учурда жаштар максатка жетүү үчүн ,мыкаачылыктын чегинен өтүп кетүүдө.Жаштар коомдук коркунучтуулугу боюнча жеңил кылмыш жасап,ыңгайсыз абалга кабылган учурда,жасаган кылмышынын изин жашыруу үчүн андан да оор кылмыштарга барышууда. Сексуалдык зордук зомбулук коомдун бардык катмарланында кездешкен кылмыш болгондо да биз ойлогонго караганда алда канча көп кездеше тургандыгын айтты.Зордук зомбулук болгон учурда бул кылмыш экенин эске алып,тийиштүү укук коргоо органдарына кайрылуусу зарыл экендигин белигеди.Ата-энеси чет жака иштеп кетип, мектепте окуучулардан карап жаткан камкорчулар боюнча эч кандай арыздар жок экендигин аныктады.Ошондой эле балдарга туура тарбия берип,окууларына ийгилик каалап өттү.

**Токтом:**

1.Мектепте  кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мектеп,ИДН кызматкерлери,ата-энелер менен биргеликте тыгыз иш алып барылсын.

2.Мектепте зордук зомбулукту болтурбоо жагы класс жетекчилерге,тарбия завучуна жана соц педагогторго милдеттендирилсин.

Төрагасы: Ж.М.Белекова

Катчы: Жунусалы кызы Айгул

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин "Окуучулар арасында укук бузуулардын алдын алуу" темасындагы ата-энелер чогулушунун**

**№6 ПРОТОКОЛУ**

26-октябрь 2022-жыл Майлуу-Суу шаары

**Катышкандар** : 315

1.Шаардык имам Эркинбеков Абсатар Эркинбекович.

2. Шаардык Мэриянын жаштар менен иш алып баруу бөлүмүнүн башчысы А.К.Абдыкалыков

3. ШБББнүн башкы адиси Р.Ж.Акамбаева

4.Шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башкы адиси Мамадалиев Ж.Ш.

5.ШИИБнүн жашы жете элек өспүрүмдөрдүн испектору Б.Д.Джолборсов.

6.Заводская көчөлөрүнүн участкалык милициянын кичи лейтенанты Т.Т.Сайпидинов.

6. Мектеп диретору Ж.М.Белекова

7.Мектептин социалдык педагогдору М.А.Акинбекова, Н.А.Калмаматова

**Каралуучу маселелер:**

1.Окуучулар арасында укук бузуулардын алдын алуу.

2.Ар түрдүү маселелер

**Угулду**: Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Жунусали кызы Айгүл келген коноктор менен тааныштырды.

Созгө чыкты; №5 жалпы билим берүү орто мектебинин директору Ж.М.Белекова окуучулар арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча жыйындын максатын айтып өттү.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими А.А.Анарбаева "Зордук зомбулуктан социалдык укуктук коргоо"деген темада доклад окулуп,видео слайд көрсөтүлдү.

**Сөзгө чыкты**:Шаардын имамы Эркинбеков Абсатар ажы балдардын келечеги үчүн биз баарыбыз биргеликте жыйын уюштурдук .Алла тааланын бизге берген нээматтарынын эсеби жок. Аларадын бири перзенттүү болуу."Балалуу үй базар,баласыз үй базар"-дегендей балалуу болгон соң аларды камсыздоо,тарбия берүү ата-эненин милдети экенин унутпайлы.Үй-бүлөдөгү чыр-чатактуу маселелер балага терс таасирин тийгизет. Себеби ата-энени үйдө көрүп балдар тарбия алат.Балдарды тарбиялоодо кайдыгер карабайлы.Ата-энелер биз балдарга үлгү болушубуз керек. Балдарды уурулуктан,кылмыштуулуктан сактагыла.Чөйрөдө жакшы адамдар менен мамиле кылганды үйрөткүлө,жаман чөйрө адамды бузат.

Шаардык Мэриянын жаштар менен иш алып баруу бөлүмүнүн башчысы А.К.Абдыкалыков менин шаарда иш алып барганыма 7 айдын жүзү болду.Жаштар арасында балдарга жетишерлик деңгээлде көңүл бурулбагандыктан кылмыштуулук көп болууда.Ата-энелер балдарга кайдыгер мамиле жасап жаткандыктан коомдо жат көрүнүштөр келип чыгууда.Кылмыштуулук жыл сайын өсүүдө.Мындай деңгээл болгон эмес.Азыркы учурда күчөп кетти.Ата-энелерге милдеттендирип

кетет элем,балдарыңыздардын журум-турумун,сабакка болгон кызыгуусун жана жетишкендиктери боюнча класс жетекчиси менен тыгыз байланышта болунуздар.

ШБББнүн башкы адиси Р.Ж.Акамбаева сөзгө чыгып, саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер сиздер менен 2022-2023-окуу жылында көрүшкөнүмө кубанычтамын.Ушул жерде угулган сөздөрдү таразага салып көрсөк.Шаар боюнча окуучулар олимпиадалардан жакшы жыйынтыктарга жетишип,бирок ошону менен бирге эле жашы жетелек өспүрүмдөр арасында укук бузуулар байма-бай болууда.Сиздер ата-энелер балдарды жакшы кийинтип,жаңы уюлдук телефон алып берип,бирок жан дүйнөсүнө жетээрлик тарбия бере албай жатасыздар.Мектептин билим деңгээлин жогорулатуу үчүн сиздер балдарга жардам беришиңиздер керек.Ар бир ата-эне балага татыктуу тарбия берүү менен бирге келечекте билимдүү коомго пайдасы тийген жаштардан болуусуна түрткү берели.
Шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башкы адиси Ж.Ш.Мамадалиев шаарда кылмыштуулук көбөйүп жатат ,алдын алуу боюнча сүйлөшүү үчүн келип олтурабыз.Кылмыштуулукта област боюнча биздин шаар алдынкы орунда турат.Ажырашуунун себеби үйдөгү тынчсыздыктан. Азыр жумуштун жоктугунан чет жакта мигрант болуп иштеп жүргөн ата-энелер көп.Ошол себептен балдар чоң ата,чоң энелердин колунда калып, жетиштүү мээрим,тарбия албагандыктан үйдөн качуулар көбөйүүдө.Балдар биздин келечегибиз аларга туура жолду көрсөтүү баарыбыздын милдетибиз.Андыктан ар бирибиз балдарга кайдыгер карабайлы деп сөзүн жыйынтыктады.
ШИИБнүн жашы жете элек өспүрүмдөрдүн инспектору Б.Д.Джолборсов азыр биздин Майлуу-Суу шаары кылмыштуулук боюнча 1-орунда турабыз.Былтыркы жылы 3 кылмыш иши катталса ,быйыл 6 кылмыш иши катталган. Демек кылмышттуулук жыл сайын көбөйүп бара жаткандыгын далилдейт.Ошондуктан ата-энелер кечки саат 21 ден кийин балдарды көчөгө чыгарбаңыздар.Бардык болуп жаткан терс көрүнүштөр түнкүсү ата-энелер көзөмөлүндө болбогондуктан келип чыгууда.Кылмыштуулук жасагандардын көпчүлүгү мектеп окуучулары болгондугу өкүндүрөт. Мүмкүн болушунча балдарыңыздарды көзөмөлдөп,уюлдук телефондорун текшерип туруңуздар.
**Жарыш сөзгө чыккандар**: Мектептин айланасындагы дүкөндөр мектеп курагындагы балдарга тамеки,насвай,спирт ичимдиктерин саткандарга кандай чара колдоносунар?

Кенже лейтенанты Т.Т.Сайпидинов төмөнкүлөргө токтолду .Менин ишке киришкениме аз гана убакыт болду.Заводская,Токтогул,Киргизская көчөлөрүнө тартип көзөмөлүн жүргүзүү үчүн иш аракеттерди алып барам. Дүкөндөрдө жашы жете элек өспүрүмдөргө спирттик ичимдиктерди жана тамеки,насыбайларды сатып жаткандарга эскертүү берди.Мектеп жашындагы балдар тамеки,насвай чегип дагы башка укук бузуулар болсо мага кайрылыңыздар болот деп уюлдук телефон номерин айтып өттү.

**Токтом кылынат:**

1.Укук бузуулар,зордук зомбулуктун алдын алуу максатында ата-энелер менен класс жетекчилер ар дайым тыгыз байланышта иш алып барылсын.

2.Окуучуларга татыктуу тарбия берүү ата-энелерге милдеттендирилсин

Жыйындын төрайымы : Ж.М.Белекова

Катчы: Талас кызы Айдана


АРАСЫНДА УКУК


ОКУУЧУЛАР АРАСЫНДА УКУК
АЛДЫН

**№5 жалпы билим берүү орто мектебинин**
**"Терроризмдин жана экстремизимдин алдын алуу"боюнча өткөрүлгөн жыйындын**

№3-Протоколу

18.11.2021 Майлуу-Суу шаары

**Катышкандар**: 9-11 класстар
1.Уюштуруучу Исмаилова Ж.М
2.Уюштуруучу Орозова Г.Б
3.Соц педагог Акинбекова М.А
2. Соц.педагог Калмаматова Н.А
**Күн тартибинде:**
1.Терроризмдин,экстремизмдин алдын алуу
2.Ар кандай маселелер
**Угулду**:Мектептин соц педагогу Калмаматова Н.А окуучуларга "Терроризм жана Экстремизм" боюнча видео ролик көрсөтүп,Орозова Г.Б доклат даярдап окуучуларга жеткиликтүү маалымат беришти. Уюштуруучусу Исмаилова Ж.М терроризм-саясий жана экономикалык максаттарда мыйзамсыз жолдор менен жетүүгө аракет жасоо.Терроризмдин негизги максаты- кандайдыр бир чакырыкка же болбосо саясий келишпөөчүлүккө коомдун көңүлүн буруу,башкача айтканда саясий бийликке таасир көрсөтүү,коомду коркутуу.Бүгүнкү күнү зордук-зомбулук,экстремизм,терроризм дүйнөдө бардык адамзатка тынчтык бербей,жашоодо чоң коркунучтарды жаратууда.Өкүнүчтүүсү экстремисттер өздөрүнүн көздөгөн саясий же башка максаттарына жетүүдө динди пайдаланууда.Терроризмдин күч алуусуна бул адамдардын сабатсыздыгы,чөйрөнүн терс таасири,үй-бүлөдөгү,билим берүү тармагындагы тарбиянын жетишсиздиги,сырткы таасирлер себеп болууда.Терроризмди көбүнчө дин аркылуу таркатуу менен жаш өспүрүмдөргө таасирин тийгизип,алардын арасында ар кандай кылмыштуулуктардын болуусун күчөтүүдө.Кыргызстан үчүн кооптуу,террорчул-экстремисттик деп саналган 13 уюмдун тизмеси бар.Андыктан жаштарыбызга терроризм боюнча түүра так маалымат берип туруубуз зарыл.Сөзүнүн аягында ар бирибиз жакшы жолду тандоого аракеттенүүбүз керек деп баса белгиленди.

Биринчи маселе боюнча жарыш сөзгө мектептин соц педагогу М.А.Акинбекова чыгып төмөнкүлөргө токтолду.Өз сөзүндө диний агымдар көбөйүп кеткендигин айрыкча Вахабизм,Хизбут-Тахрир,Акрамия,Баптистер жана башка көптөгөн каттодон өтпөгөн диний агымдар негизинен адам баласынын жашоосуна кереги жок салттар,ырымдарды,ислам динин бурмалоо менен жаштарды өз катарларына кошууга катуу аракеттенип жатышат.Ошол себептүү мектепте жаш өспүрүмдөргө өзгөчө көзөмөл жүргүзүлүп,класстык сааттар,чогулуштар өтүлүп,түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.

**Токтом:**

1.Ар кайсы улуттун динин сыйлоого сабырдуу жана достук мамиледе болуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы мугалимдерге милдеттендирилет.

2.Окуучулар арасында терроризмге жол бербөө,каршы күрөшүү жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы мугалимдерге,ата-энелерге милдеттендирилет.

Катчы: [signature] С.А.Кадырбекова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинде "Зордук зомбулуктун алдын алуу" боюнча өткөрүлгөн жыйындын**
№ 5 ПРОТОКОЛУ

11.04.2022-ж. Майлуу-Суу ш.

**Катышкандар**: 8-9-10-11-класстардын окуучулары.

1. **Шаардык мэриянын жетектөөчүсү**- С.Т.Узбекова
2. **Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси**- Р.Ж Акамбаева
3. **Шаардын эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башкы адиси**- Ж.Ш.Мамадалиев.
4. **Шаардын баш имам-хатиби**-Эркинбеков Абсатар ажы.
5. **Мектеп директору**-Ж.М. Белекова
6. **Уюштуруучу**- Г.Б.Орозова.

**Каралуучу маселе:**

1.Зордук зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү

2.Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:** Мектептин адам жана коом мугалими А.А. Анарбаева келген коноктор менен тааныштырып,"Зордук зомбулуксуз жашоо-жаркын келечек" деген темада доклад окулуп,слайд көрсөтүлдү. Эмне үчүн жаш өспүрүмдөр зомбулукка кабылып жаткандыгы ошондой эле зомбулуктун түрлөрү боюнча кеңири маалымат берди.Анда балдарга жетишерлик тарбия берилбей кароосуз калгандыктан үшундай окуялар болуп жаткандыгын баса белгилеп кетти.Өгөй ата-энелерен жана мигрант ата-энелердин балдары мыйзамдуу өкүлдөрүнүн колунда тарбияланып,жетиштүү кароо болбой чоңдор тарабынан ур токмокко кабылган балдар да жок эмес.
**Сүйлөштү:** Мектеп директору Ж.М.Белекова Кыргыз Республикасында "Зордук зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүүнү" жүзөгө ашыруу максатында кыскача маалымат берди.

Шаардын мэриясынын жетектөөчүсү С.Т.Узбекова акыркы күндөрү өлкөбүздө болуп жаткан зордук зомбулук күчөп бараткары баарыбызга белгилүү."Зомбулуктун бардык түрү жан дүйнө үчүн уу" деген кепти эске алып, мындай жолго барбоону келечек жаш муундарга эскертти.Окууларына ийгилек каалап,өзүңөрдүн келечегиңерди өзүңөр курган мыкты окуучулардан болгула деп өз сөзүн жыйынтыктады.
Билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Р.Ж.Акамбаева балдарга карата ырайымсыз мамилеге себеп болгон катачылыктар балдардын жашоо-турмушунун бардык деңгээлдерине таасир этип, инсандык сапаттарын бузулууга алып келет.

Жашы жете элек балдар арасында ай сайын кылмыштуулуктун жана рэкетчиликтин алдын алуу,аны болтурбоо,ага каршы күрөшүү боюнча мектептерде чогулуштар ,түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.Эгерде бири-бирин опузалоо,маскаралоо,же салык салуу бири-бирине үстөмдүк кылуу сыяктуу көрүнүштөр мектеп ичинде байкалса же боло турган болсо сөзсүз убагында тийиштүү жерлерге кайрылуу керектигин эскертти.Ар бириңер татыктуу билим алып, тартиптүү, улууларды сыйлаган,кичүлөрдү ызаттаган жакшы - кыздардан болгула.Бүтүрүүчү класстар мамлекеттик сынактарга даярданып,ийгиликтүү тапшыргыла. Окуучулар зордук-зомбулукка кабылбаш үчүн өтүлгөн иш-чараларды туура кабыл алып,келечектин татыктуу инсандары болгула.Өздөрү өсүп келе жаткан муундарга зомбулук көрсөтпөйбүз деп айтышты.
Майлуу-Суу шаарынын баш имамы Эркинбек Абсатар ажы
Бардык болуп жаткан нерселер тарбияга келип такалат. Ыймандуу адам зомбулукка жол бербейт.Бардык кылмыштуулуктун түрлөрүнүн негизги себептеринин бири спирт ичимдигинен келип чыгат.Андыктан спирт ичимдиктеринен алыс болгула.Окуучуларга көптөгөн таасирдүү сөздөр менен өз насааттарын айтып,тарбияга чакырды.Ар бир айтылган насааттарды угуп,эсиңерге сактагыла.
Шаардык эмгек жана социалдык бөлүмүнүн башкы адиси Ж.Ш.Мамадалиев жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун жылдан жылга өсүп бараткары бул орчундуу өзгөчө көңүл бура турган жалпы коомчулукту тарттуу менен кечиктирүүсүз чара көрө турган маселе.Кээ бир балдар кароонун,көзөмөлдүн жоктугунан бирөөлөргө кошулуп,өздөрү кылмыш жасап жатканын да билбей кылмыш ишине барышууда.Мектеп окуучуларынын эртеңки келечеги тууралуу

ойлонгондун ордуна кылмыштын кылтагына илинип атканы,бүчүр кезинде талкаланып атканы  абдан өкүндүрөт.

**Токтом кылынды.**

1.Балдар арасында  зомбулук болтурбоонун алдын алуу  ар бир окуучуга милдеттендирилсин
2.Ата-энелерге балдардын тартибин үйдөн  көзөмөлгө алуу милдеттендирилсин.
3.Окуучуларга сабак учурунда телефонду пайдаланууга тыюу салынсын



Балдарды
коргоо
жана


Балдарды зордук зомбулуктан коргоо
жана уурулук, суициддин

